# №78 М.Жолдошалиев атындагы орто мектеби

*Тарбиялык саат*

**Тема: Айбанаттардын талашы**

**Башталгыч класстын мугалими: Келдибекова Минавархан**

**Текшерген мектеп ТИУсу:** ________ **Ураимова Шекер**

Жиберилди: 18.03.2023-ж

Сканировано с CamScanner

*Сабактын темасы:* **Айбанаттардын талашы**

*Сабактын максаттары:*

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Айбанаттардын талашы деген чыгармасы менен таанышат.Үй жаныбарлары жөнүндө маалымат алышат. | Үй жаныбарларды аташат.Көңүл буруусу,таанып билүүсү,кызыгуусу,сөз байлыгы,ойлоосу өсөт.Сүйлөм аркылуу ангеме түзүүнү,сөздөрдү муунга бөлүүнү,ташымалдоонун эрежелерин үйрөнүшөт. | Үй жаныбарларын сүйүүгө,аларды сактоого,ар биринин ордун,баркын билүүгө,аларды коргоого тарбияланышат.Топтордо бири-биринин оюн угууга тарбияланышат. |

***Көрсөткүчтөр:*** Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз,эгерде

| | | |
|---|---|---|
| Эгерде алар:- Айбанаттардын талашы деген чыгарма менен таанышса,жапайы жана үй жаныбарлардын айырмасын атай алса. | Ролдоштуруп окуу менен окуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшсө,сөздөрдү муундарга ажырата алышса,ошондой эле сүйлөм аркылуу ангеме түзө алышса. | Үй жаныбарларын сүйүүгө,баркын билүүгө,аларды коргоого тарбияланса,ошондо гана биз сабактын максатына жеткен болобуз. |

Сканировано с CamScanner

***Сабактын тиби:*** Жаңы материалдарды өздөштүрүү,ой жүгүртүү,талдоо.(*жомок*)

***Сабактын формасы:*** Топтордо,жуптарда иштөө,класстер түзүү.

***Сабактын усулу:*** Жаңы идеяларды жаратуучу усулдар:(*акыл чабуулу*).Бири-бирин окутуу усулдары:(*чаташкан логикалык чынжырлар*).Талкуулап,пикир алышуу усулдары:(*сүрөт менен* иштөө,класста жалпы талкулоо,биргелешип издөө(*дискуссиянын бир түрү*).Өтүлгөн темаларды кайталоо усулдары:(*ачык суроолор*).Идеяларды графика түрүндө чагылдыруу усулдары (*кластер суроолору менен,кластер табышмак*).Окуучулардын ой-жүгүртүүсүн,сынчыл ойломун өнүктүрүүчү усулдар:(*сүрөт менен иштөө*).Текст менен иштөө усулдары:(*текст менен иштөө*).Суроо бере билүү усулдары:(*суромолоочу суроолор*).Берилген тапшырмага ролдоштуруп ойноо,тууроо аркылуу жооп берүү усулдары:(*ролдук оюн*).

***Сабакка колдонуучу каражаттар***:Окуу китеби, плакат, сүрөттөр, тегерекчелер, карточкалар, күзгү, түстүү капкактар, оюнчуктар, баалоо баракчалары.

Сканировано с CamScanner

***Сабактын жүрүшү:***

| Сабактын фрагменти | Усул, ыкма | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Жабдылышы |
|---|---|---|---|---|
| ***Уюштуруу*** | ***Таанышуу*** | (Жагымдуу маанай түзүү)<br>-Саламатсынарбы балдар?<br>-Кана эмесе ,биз алдын ала силер менен таанышып алалы.Анда биз тегерекчелердин жардамы менен таанышабыз.Менин атым Келдибекова Минавар «М» деген тыбышы менен башталат.Мен ошондуктан «кок» тегерекчени көтөрдүм.Анткени «М» деген үнсүз тыбыш.Биз силер менен буга чейин тыбыштарды үндүү,үнсүз экендигин үйрөнгөнбүз.Анда «көк» түс менен үнсүз тыбыштар, «кызыл» түс менен үндүү тыбыштар белгиленерин билебиз. | Окуучулар өз аттарын айтышып,тегерекчелер аркылуу түстөрдүн белгиси менен үндүү,үнсүз тыбыштарды ажыратышат. | Түстүү тегерекчелер |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | -Кана эмесе балдар, айлана түрүндө тизилебиз. Мен силерге кызыктуу жомокту айтып бергим келип жатат. Ал жомоктун негизинде ар бирибиз өз үйүбүздү табууга аракеттенебиз. Анда эмесе көзүбүздү жумабыз.<br>Илгери өткөн заманда бир кожоюн жашаптыр.Ал балдарын чогултуп алып, даярдаган токочторун бериптир. Ошол убакта күн күркүрөп чагылган болуп күн жаап келет. Мээримдүү кожоюн балдарына кайрылып, жамгырга калбай үйүнөрдү таап алгыла «колунардагы токочто үйүнөргө баруучу жол белги бар»-дептир.<br>Эми көзүбүздү ачып, колубуздагы токочторду көрөлүчү. Кимибизде кандай белги бар экен? Ошол белгилер боюнча өз | Балдар жомокту угуп, берилген сүрөттөрдүн негизинде топторго бөлүнүшөт. | Тегерекчелер. сүрөттөр |


| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | топторубузду табалычы.(окуучулар топторун таап отурбай туруп турушат) Азыркы өтүлө турган сабакта жаңы маалыматтарды алууга күч-аракетибизди жыйнайбыз. | | |
| ***Физминутка:*** | | (Мугалим кыймыл аркылуу окуучуларга аткартат). Колубузду жаныбызга сунабыз, Башыбызды онго,солго бурабыз. Тынч отуруп баарыбыз, Эжекенин айткандарын угабыз. | Окуучулар мугалим менен биргеликте кыймыл аркылуу ырларын айтышат. | |
| ***Окуучуларды н билимдерин актуалдашт ырат.*** | | -Жаныбарлар жөнүндө эмнелерди билесинер? -Алар кайсылар? -Үй-жаныбарларына кайсылар кирет? -А жапайы жаныбарларгачы? Мугалим доскага жаныбарларды эки топко | Өз алдынча ой жүгүртүп,сүрөтт өрдөн үй жана жапайы жаныбарларды айырмалашат. Суроолорго жоопберүү | Сүрөттөр аркылуу. |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | болдурот. (Мугалим окуучулар менен биргеликте жаныбарлардын сүротторун илип турат) | менен бири-бирин толукташат. | |
| | | Жапайы жана үй жаныбарларынын сүрөттөрү менен окуучуларды камсыздайт. | | Сүрөттөр |





Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Жаңы тема:** | Текст менен иштөө. | Окуучуларды тынчтантып, багыт берүү.Кириш сөз.<br>-Биз бүгүн силер менен «Айбанаттардын талашы» деген текстти окуйбуз,салыштырабыз.<br>текисти жазуу,<br>Бул тексте жаныбарлардын ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табууга аракеттенебиз. Текстти ырааттуу түрдө үн чыгарып, көркөм окуп берүү.<br>-Балдар, ушул сүрөттөгү жаныбарлардын ичинде азыркы жомоктогу каармандар барбы? | Окуучулар текстке өз алдынча көз жүгүртүшөт. | Окуу китептери, сүрөттөр |

Сканировано с CamScanner

**Айбанаттардын талашы**

Уй, ат, ит- үчөө кимисин ээси жакшы көрөөрүн талашып калышты.

- Албетте, мени,- деди ат. –Анткени, буурусун менен маласын тартып берем, токойдон отун, алып келем, өзү болсо мени минип алып шаарга барат, менсиз анын күнү өтпөйт.

- Андай эмес, ал мени өзгөчө жакшы көрөт, -- деди уй .—Мен анын бүтүндөй үй-бүлөөсүн сүтүм менен багам!

- Жоок мени,-- деди ит ырылдап:

- Мен анын бардык мал-мүлкүн кайтарып берем!


Эртеден бери алардын талаштарын угуп турган кожоюн акыркы басып келди да, минтти:

- Эй, болбогон койгула, силердин ар биринер өз ишинер менен баалуусуңар, ошон үчүн мага керексинер.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Балдар сүрөттөрдөн каармандарды табышат, аларды аташат. Бөлүп алышат. | |
| | | -Кана эмесе балдар өз алдынарча тексти окуп чыккыла. Силерге тааныш эмес сөздөрдө тапкыла. | Окуучулар өз алдынча текстти окуп чыгышат. Андагы тааныш эмес сөздөрду | сүрөттөр |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | табышат.<br>Буурсун-<br>Мала-<br>Мүлк- | |
| | Сөздүк жумуштар | Мугалим тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт.<br>Буурсун-<br>Мала-<br>Мүлк- | | сүрөттөр |







| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Тааныш эмес сөздөргө сүйлөм түздүрөт..<br><br>Текст ичиндеги жаныбарлардын сөздөрүн чынжырча окууга багыт берет. | Тааныш эмес сөздөргө сүйлөм түзүшөт. Окуучулар жанырык окуу менен чынжырча окушат.<br><br>(Түстүү жазуу окуганга) | |
| | Ролдук оюн | Мугалим жомоктогу каармандарды ролдоштуруп аткартат. | Окуучулар ролдоштуруп аткарышат. | оюнчуктар |

**Ат:**-Албетте,мени! Анткени,буурусун менен маласын тартып берем,токойдон отунун алып келем,өзу болсо мени минип алып шаарга барат,менсиз анын күнү өтпөйт.


**Уй:** -Андай эмес,ал мени өзгөчө жакшы көрөт! Мен анын бүтүндөй үй-бүлөсүн сүтүм менен багам!
**Ит:** -Жок,мени,- ыр-р-р! Мен анын бардык **мал**-мүлкүн кайтарып берем!


**Кожоюн:** -Эй, болбогон талашты койгула, силердин ар биринер өз ишинер менен баалуусунар, ошон үчүн мага керексиңер.

Сканировано с CamScanner


| | Сурот менен иштоо: | Мугалим чаташкан суроттор боюнча тапшырма берет. | Окуучулар чаташкан суроттор менен иштешет. | Суроттор |
|---|---|---|---|---|













| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Физминутка** | Аюу чээнге барабыз,<br>Алмасынан алабыз.<br>Атыбызга минебиз,<br>Аюу уктап жатканда,<br>Үйдү көздөй качабыз. | Окуучулар ыр айтуу менен денелерин жазышат. | |
| | Класстер түзүү. | Үй жаныбарлары уй,ит,ат боюнча берилген мүнөздөмөлөрдү тактайга жазат. | Окуучулар ар бир жаныбарга оозеки мүнөздөмө беришет,оюн толукташат. | Сүрөттөр |




| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Бышыктоо | Өтүлгөн | -Биз өткөн сабакта | | Сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тема менен жаңы теманы байланыштыруу. | кайсы теманы өткөнбүз?<br>-Өткөн темада үй жаныбарлары барбы?<br>-Ал кандай кызмат кылган?<br>-Алдар Косо менен<br>-Кожоюндун окшош жактары барбы? Балдар биз дагы Алдар Косо менен кожоюнга окшоп жаныбарларды багабыз,коргойбуз, сүйөбүз алардын эмгегин баалашыбыз керек.<br>-Биздин президентибиз ким балдар?<br>-Быйылкы жылды президентибиз кандай жыл деп белгиледи эле? | -«Алдар косо»<br><br>-Ооба. Ат<br>-Алдар Косо атты минип качып кеткен.<br>-Акылдуу, эмгекчил аларды багышат, жакшы көрүшөт, атка минишет.<br><br>-Алмазбек Атамбаев<br>-«Адеп, ыйман жана маданият жылы» | окуу китеби |
| Үйгө | | Текстти | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| тапшырма | | шар,түшүнүп окуп,андагы каармандардын сүрөтүн тартып келгиле. | | |

Сканировано с CamScanner